DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

*Азамбаев У., Мейманова К.А., Жоробек кызы Г.*

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫН АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛООДО УЛУТТУК КААДА-САЛТТАРДЫН ТААСИРИ

*Азамбаев У., Мейманова К.А., Жоробек кызы Г.*

# ВЛИЯНИЕ НАЦИОНАЛЬНЫХ ТРАДИЦИЙ НА НРАВСТВЕННОЕ ВОСПИТАНИЕ ШКОЛЬНИКОВ

*U. Azambaev, K. Meytanova, Zhorobek kyzy G.*

# THE INFLUENCE OF NATIONAL TRADITIONS ON THE MORAL EDUCATION OF SCHOOLCHILDREN

*УДК: 373.52*

*Бул макалада бүгүнкү күндөгү улуттук өзгөчөлүк жана оригиналдуу көрүнүштөр жалпы адамзатынын өзүн-өзү туюнтуунун формасы болуп, улуттардын ар тараптан өнүгүшүн жана адамзатынын руханий жактан гүлдөшүн камсыздаары, ар бир улут өзүнүн руханий көз карандылыгын канчалык деңгээлде көрсөтө алса, башка элдин маданий баалуулуктарын да ошончолук деңгээлде өзүнө сиңирип алаары жөнүндөгү айрым ой-тыянактар баяндалды. Азыркы учурдагы ден соолуктуу жашоонун мүнөзү жана оорулардын алдын алуу, жаштарды адептүүлүккө, жүрүм-турум маданиятына, элдик маданий мурастардын үлгүлөрүндө тарбиялоо сыяктуу маселелердин айрым аспекттери ачыкталды. Инсандын маданий жактан өнүгүшүн изилдөө ырааттуулугу логикалык жактан мыйзам ченемдүүлүгү, өз элинин салт-санаасын, үрп-адатын жана максаттарын жакшы билген адам гана башка элдин маданиятын да кабыл алып, ага сый-урмат көрсөтө алаары белгиленди. Макаланын өзөгүн мына ушул сыяктуу улуттук каада-салттардын негизинде мектеп окуучуларын адептүүлүккө тарбиялоонун негизги маселелери түзөт.*

***Негизги сөздөр:*** *мектеп, окуучу, адептүүлүк, улут, баалуулук, элдик баалуулук, үй-бүлө, салт-санаа, нарк-насил, тарбиялоо.*

*В данной статье изложены некоторые выводы о том, что сегодняшние национальные особенности и оригинальные проявления являются формой общечеловеческого самовыражения, обеспечивают всестороннее развитие наций и духовное процветание человечества, в какой степени каждая нация проявляет свою духовную зависимость, в такой степени и впитывает в себя культурные ценности других народов. Раскрыты некоторые аспекты современных проблем здорового образа жизни и профилактики заболеваний, воспитания молодежи в нравственности, культуре поведения, на образцах народного культурного наследия. Было отмечено, что последовательность изучения культурного развития личности логически закономерна, что только человек, хорошо знающий традиции, обычаи и цели своего народа, может воспринимать и уважать культуру другого народа. В основе статьи лежат основные вопросы нравственного воспитания школьников на основе национальных традиций и обычаев.*

***Ключевые слова:*** *школа, ученик, нравственность, нация, ценности, народные ценности, семья, традиции, обычаи, воспитание.*

*This article presents some conclusions that today's national characteristics and original manifestations are a form of universal self-expression, ensure the comprehensive development of nations and the spiritual prosperity of mankind, to what extent each nation manifests its spiritual dependence, to such an extent and absorbs the cultural values of other people. Some aspects of modern problems of a healthy lifestyle and prevention of diseases, education of young people in morals, culture of behavior, on samples of national cultural heritage are revealed. It was noted that the sequence of studying the cultural development of the individual is logically logical, that only a person who is well aware of the traditions, customs and goals of his people can perceive and respect the culture of another people. The article is based on the main issues of moral education of schoolchildren on the basis of national traditions and customs.*

***Key words:*** *school, student, morality, nation, values, national values, family, traditions, customs, education.*

Кыргыз элинин тарыхында эзелтеден бери эл ичинде күндөлүк турмушта жашоо кечирип келе жаткан калктын негизги катмары улуу инсандары эл арасында каада-салт, нарк-насилдерибизди аздектеп сактап, адамдык улуу касиеттерди атадан балага, муундан-муунга өткөрүп берип келе жаткан улуу мурастар бар.

Улут – дегенибиз ошол улутка таандык болгон салт-санаа, үрп-адат, ар кандай жөрөлгөлөр, тилибиз, динибиз элге кан жанына калыптанып синген табигый табылгыс, сакталып келе жаткан нарк-насилдерибиздин жыйындысы.

Бүгүнкү күнгө чейин улуу окумуштуу педагогдор элдин кадыресе турмушун иликтеп, социалдык-экономикалык, маданий шартын, айыл элинин балдарды элдик каада-салттардын негизинде окутуу, тарбиялоо аркылуу аларды руханий жактан өнүктүрүү керек деп эсептеген. К.Д. Ушинский бул багытта төмөнкүдөй деп жазган: «Тарбия искусствосунун бир өзгөчөлүгү дээрлик бардыгына тааныш жана түшүнүктүү, ал тургай айрым бирөөлөргө жеңил иш катары сезилген сайын адамдардын теориялык жана практикалык жактан ошончолук аз тааныштыгында. Тарбия ишинде чыдамкайлык талаптарын бардыгы билишет, айрымдар бул үчүн тубаса жөндөм жана шык керек деп ойлошот. Бирок, булардан башка да атайын

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



билимдин зарыл экендигине айрым адамдардын көзү жетти», - деп айткан [5].

Демек, урпактан урпака сакталып, жашоосун улап келе жаткан нарк-насил каада салттын баркы бийик экендиги коомдун өнүгүшү, замандын күндөн-күнгө жаңыланышы, илимий технологиянын өнүгүшү менен байкалууда.

Кыргыз элинде саламдашуу адеби, адамдардын ортосунда кандайдыр бир жогорку деңгээлди, маданиятты көрсөтүп турааары белгилүү.

Алып карасак, саламдашканда ат үстүндө бара жаткан инсан биринчи салам жолдоп, ким экендигине карабастан, аттан түшүп кол алышып учурашчу, амандыгын сурашып, андан соң жолун улантчу. Эгерде аттагы адам ак-сакал болсо, анда жаш балдар чуркап барып саламдашаар эле. Эгерде, беш-алты адам сүйлөшүп турган болсо, жалгыз адам көпчүлүккө салам берүү керек болгон. Ошону менен катар той-маарекелерде келген меймандар үчүн атайын жаш балдар коюлуп, аттан түшүрүп, атты алып, жүгөндөп өзүн үйгө алып кирчү. Ушундай эле жол менен учурашуу, саламдашуу, колго суу куюу, көрпөчө салуу, чай куюуну камсыздандыруу, дасторкон үстүндөгү сүйлөшүү адеби жана башка салттар сакталаар эле. Мейман тосуу, чай берген учурда үйдө коноктор менен кошо үй-бүлө мүчөлөрү толугу менен отуруп, көбүнчө эркек балдар чай куюп конокту коштоп отурчу, мейман конок менен чогуу чай ичип меймандарды сыйлоо учурунда дасторкон маданияты жогорку деңгээлде сакталган. Меймандар жана ак-сакалдар төрдөн ылдый отуруп, жашына аброюна жараша жайгашкан. Мындай каада-салттар бүгүнкү күндө үй-бүлөдөгү жаш балдарды тарбиялоодо негизги каражат катары, адептүүлүккө тарбиялоонун булагы болуп саналат.

Ал эми, чоң кишилер менен үй-бүлө мүчөлөрү балдар чай ичип отурган учурда, балага эч ким таасир берген эмес. Ал өз кезеги келгенде гана сүйлөгөн же сөзгө аралашкан. Чоңдор да өз алдынча ар кандай жөө жалаң сөздөрдөн аңгеме курган эмес. Дасторкон үстүндө ашыкча сөздөр сүйлөнбөй, ар бири өзүн үй-бүлө мүчөсү катары эркин сезип, оюн ачык айта алган. Айрыкча дасторкон үстүндө сөз болгондо ынтымак достук, базар-учар, жайлоо, той-аш, мал-мүлк күндөлүк чарбалык иштер боюнча көбүрөөк аңгемелешкен. Негизи эле, ар бир күндө аткарыла турган иштер боюнча көп аңгемелешүүлөр болгон.

Биздин жашообуздагы тарбиянын негизги башаты, баланын жан дүйнөсүнө сиңирип, көндүм адатка айландыруу маселеси ар бир инсанга дасторкон үстүндө, көбүнчө кечки же эртен мененки тамактанууда берилген. Кечинде чай ичилип бүткөндөн кийин да, көпкө чейин дасторкон үстүндө улуттук тарбиялык маанидеги сөздөр сүйлөнгөн. Үйдө келин же кыз, же башка үй-бүлө мүчөсү жаңылса, туура эмес иш жасаса, ушак же башка сөз сүйлөсө апасы «Атаң укса эмне дейт? Коңшулар укпасын. Экинчи кайталаба!» деген сөздөр менен уялткан. Ошондон улам «Керегем сага айтам келиним сен ук», - деген эл макалы жаралган. Кыздарды тарбиялоодо жөнөкөй эле макалдар кеңири орун алга «Кыздуу үйдө кыл жатпайт», «Койчунун кызы кой келгенде ийик ийрийт», «Кызга кырк үйдөн тыюу» – деген ж.б. Дагы бир аталык тарбия берүү жөнүндөгү аалымдардын айткандарына кайрылсак: Үч баласы бар келиндин күйөөсү кайтыш болуп калат экен. Ал келин балдарын окутуп тарбиялоо учун атасынын көйнөгүн жууп, үтүктөп үйдүн төрүнө илип, анын чөнтөгүнө дайыма акча салып коет экен. Балдары мектепке, же башка жакка жөнөгөндө керектөө үчүн акча сураса «Атандын чөнтөгүнү кара да, сага керектүүсүн ал» - деп айтат экен [3]. Бул уламыш болсо да, баланы адептүүлүккө тарбиялоо үчүн терең мааниси бар окуя.

Үй-бүлөдө ата менен эненин кадыр-баркы жогору, ал эми тарбиялоодо экөөнө тең бирдей маани берилиши керек. Бирок атуулдук тарбия берүүдө атанын орду чоң. Улуттук тарбия берүүдө эл ичинде «Атанын сөзү - ок», «Атаңа акаарат келтирбе», «Атандын көзү тирүүсүндө сыйла», «Атанды алдап күчүн ал» – жана башка макалдар жаралган [3].

Ошондой эле, кыргыз элинин салт санаасы, адеп ахлагында макал лакаптар дүйнөсүнө кеңири орун берилип, адамдын жашоосунда, сүйлөө речте улам байытып нуска сөз, сөз казынасы, накыл сөз, акыл сөз, улуулар ыйманы, даанышмандар акылы, акыл тамчылары, улуу сабак, улуу ойлор, уламадан калган сөз, залкар ойлор аталар сөзү, ата бабалардын акылы, образдуу сүйлөгөндө афоризмдер менен коштолуп, улам адептик салт маданият өнүгүп отурат. Кыргыз элинин макал лакаптары өзүнүн табиятына, аткарган ролуна, тарыхый жаралуу шартына таянгандыктан, дидактикалык же накыл сөздүк түркүмдөрү жанрга кирбестен адептик чыгармалардын негизги формасын түзөт. Анткени, ар бир макал лакаптарда тарыхта жашоодо өмүрүндө болуп өткөн тигил же бул окуялар, көп жолу кайталанган көрүнүштөр, фактылардын жыйындысы, турмуштук тажрыйбалар, жеке инсандардын жашоодогу тагдыры, азап менен кайгыга толгон трагедиялар, элдик тарбиянын принциптери моралдык жүрүш-туруштар, философиялык көз караштар орун алат. Макал лакаптарды адептик маданий чыгармаларда, инсандыкка тарбиялоочу чыгармаларда жатаарын далилдөөдө «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген макалды алсак болот. Буга мисал

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



катары, Манас баатыр баш болгон нечендеген чыгармалары кыргыздарды баскынчылардан сактап өз эли жери үчүн жанын курман кылышкан көптөгөн тарыхый даректер белгилүү. Ал эми «Акыл баштан чыгат, асыл таштан чыгат» макалда бардык акылмандуулук кудурет адамга мүнөздүү келип, адам гана дүйнөгө жөндөмдүү болушу аныкталса, алтын, күмүш, коло баш болгон бардык кендер жерден алынары, жер адам үчүн эне, адамга бардык байлыктарды улуу жер эне тартуулай тургандыгы далилденет.

Кыргыз элинин макалдарында, адеп салтында окуя толук камтылып, ой күмөнсүз аяктаган, натыйжа чыгарылган, толук логикалык сүйлөмдөр менен баяндалат. «Сөздүн көркү – макал, чалдын көркү сакал,» , «Илим – окуу булагы, билим – өмүр чырагы», «Абийирдүү жигитке ажалдуу кийик жолугат. «Келиним сен ук, керегем сага айтам» деген сыяктуу сөздөр менен баяндалган. Ошондой эле тарбия берүүдө улуу тарбиячы Бектур Исаковдун «Насаат сөз топтому» китебинде насаатардын арасында төмөнкүдөй сөздөр негизделет:

1. Улууларга өзүнүп салам айт.
2. Келген адамга «Үйгө кириңиз! Нан ооз тийиңиз» дегенди унутпа.
3. Келген адамга эшик ач, төргө өткөр. (Элдик насаатардан.)

1. Илимди Кытайга болсо да барып ал.
2. Малдын айыбын жашырып сатпа. (Мухаммед пайгамбардан)
3. Бүтүрбөгөндү бүтүрдүм дебе.
4. Сурап келсе куру кайтарба.
5. Башкаларды каратып коюп тамак жебе.
6. Коноктун көзүнчө бирөөлөргө ачууланба [2].

Ошону менен катар адептик маданий тарбия берүүдө лакаптарга да кеңири жол берилет. Лакаптарда – ой, идея кыйыр мааниде айтылып, айтуучу менен угуучуга күмөндөлөт, анда чечмелөөнү талап кылат. Анда болуптур деген, дептир, деген экен, деп айт деген этиштер айтылат. Мисалы, «Мурун чыккан кулактан, кийин чыккан мүйүз озуптур», «Шодокондун бүркүтүндөй жутунган», «Шубактын ичинде чуурулган иш». Ала байтал акылын болсо, сууга айт. Бул айтылган лакаптар менен ар кандай маанидеги тарбиялык мазмун баяндалат.

Белгилүү ойчул педагог В.А.Сухомлинский «Адам үчүн эң коркунучтуусу – көзү ачык туруп уктап кеткен кишиге айлануу. Карап туруп көрбөй коюу. Көрүп туруп ал жөнүндө ойлонбой коюу. Жамандыкка да, жакшылыкка да кайдыгер мамиле кылуу. Жамандыкты, жалганды кыя өтүү. Ушундай майда көрүнгөн нерсеге көз жумуп койсоң, бара бара чоң нерселерге да көз жумуп кое турган болосун» – деп кайдыгерлик сапаттын терс таасирлерин белгилеген [2]. Мына ушундай насаат сөздөрдү жаш муундардын аң-сезимине сиңирип, аны турмушта пайдалануу, улуттук нарк насилдерибизди жашообузда кеңири колдонуу, бүгүнкү күндөгү кээ бир мүчүлүштүктөрдүн алдын алууга жардам берээри анык.

Биздин кыргыз элибизде акыркы илимий технологиялык прогресстин өнүгүшү, ааламдашуу процессинин таасири менен кээ бир салттык тарбияларыбыз солгундап, нарк-насилдерибиз, каада-салттарыбыз көп колдонулбай баратkансыйт. Үй-бүлөнүн, ата-эненин, коомдун, улуттун алдындагы көөнөрбөс нарк насилдерибизди унутуп, байлыкка бийликке, дүнүйө кордукка, алдамчылыкка, анткорлукка тарбияланган-дардын таасири күчтүү болуп бараткандай таасир калтырат. Мунун өзү болочок муундарыбыздын өз элинин нарктуу, барктуу мурастарын билбей, ата салтын унутуп, улуттук баалуулуктардыбызды өздөштүрбөй калуу коркунучун жаратат. Демек, жаш муундарга мындай улуттук баалуулуктарыбыз жөнүндөгү илимий теориялык маалыматтар негиздүү мурасталышы зарыл. Азыркы билим берүү, тарбиялоо процессинде бул багытта практикалык аракеттер жүргүзүлүү керек.

Кийинки убактардагы технологиянын өнүгүүсү, социалдык тармактардын активдешүүсү балдардын көңүлүн башка нукка буруу менен улуттук баалуулуктардан алыстаткан таасирлерди берүүдө. Технологиянын өнүгүшү бул жакшы көрүнүш, бирок, өз ара сыйурмат көрсөтүү, чоңдорду угуу, сыйлоо, ата-энеге кызмат кылуу сыяктуу кыргыз элинин адептүүлүккө тарбиялоо боюнча муундан-муунга өтүп келе жаткан баалуу нарк-насилдери калыптанышы зарыл.

**Адабияттар:**


1. Байгазиев С. Педагогикалык тажрыйба изденүүлөр жана табылгалар. - Ф., 1989.
2. Исаков Б. Окутуп тарбиялоо. - Мектеп. 1980-ж
3. Закиров С. Кыргыз элинин макал лакаптары. - Ф., 1972.
4. Сухомлинский, В.А. Мугалимге жүз насаат. - Ф., 1983.
5. Т. Танаев. Эпикалык чыгармалар. - Ош,1999.
6. Ушинский К.Д. Собрание сочинений. - М., 1988. - Т.2.
7. Курманкулов Ш.Ж., Таштанбекова Т.Т. Проблемы эффективности методов обучения учащихся на компетентностной основе. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 1. С. 144-147.